**УДК 398.2:37.018.1**

# ЗАМАНБАП ҮЙ-БҮЛӨ ТАРБИЯСЫНДАГЫ ЭЛДИК ООЗЕКИ ЧЫГАРМАЛАРДЫН РОЛУ

**Жаныбекова Эльвира - Ош мамлекеттик педагогикалык университети**

**Аннотация:** Бул макалада элдик оозеки чыгармалардын заманбап үй-бүлө тарбиясындагы орду жана мааниси кеңири изилденет. Элдик чыгармалардын ар кандай түрлөрү – жомоктор, макал-лакаптар, ырлар, табышмактар аркылуу балдардын инсандык сапаттарынын калыптанышы, алардын адеп-ахлагы, дүйнө таанымы жана ой жүгүртүүсүнүн өнүгүүсү талдоого алынган. Ошондой эле ата-эненин жана коомдун бала тарбиялоодогу жоопкерчилиги белгиленип, таалим-тарбия берүүдө элдик чыгармаларды пайдалануунун натыйжалуулугу көрсөтүлгөн.

Элдик тарбиядагы өзгөчө көңүл коюлуучу багыт- адеп ыйман тарбиясы. Анткени баланын бүгүнкү адеби анын эртеңки күндөгү адам болуу сапаттык белгиси. Ата-эне балдарга улуттук дөөлөттөрдү таанытып, тарых–санжыраларыбызды үйрөтүп, тилибиздин, салтыбыздын өнөрлөрүбүздүн барк-баасын билгизип, рухий баалуулуктарыбыздын сырын ачып келечек муундарга мурас кылып берүүсү керек. Үй-бүлөдө балдарды тарбиялоодо элдик санжыранын мааниси чоң. Ал дүйнө таанууну кеңейтип, улутту таанууга жана сыйлоого үйрөтөт. Ошондуктан заманбап үй-бүлөнүн негизги максаты – баланы туура тарбиялап, ага “Адам болуунун билимин” берүү.. Демек, жакшы үй-бүлөдө тарбияланган бала сөзсүз түрдө жакшы сапаттарды өздөштүрүп, турмушта татыктуу инсан болуп өсөт.

**Ачкыч сөздөр:** адеп-ахлак, жомок, макал-лакап, табышмак, үй-бүлө, оозеки чыгармачылык, мекенчилдик, тарбия, улуттук маданият, руханий баалуулук, салттык тарбия, фольклор, заманбап , рухий, санжыра , ыймандуу, кайрымдуу, берешен, марттыкка.

# НАРОДНОЕ УСТНОЕ ТВОРЧЕСТВО В СОВРЕМЕННОМ СЕМЕЙНОМ ВОСПИТАНИИ

**Жаныбекова Элвира- Ошский государственный педагогический университет**

**Аннотация:** В этой статье подробно рассматривается место и значение устного народного творчества в современном семейном воспитании. Через различные виды народных произведений-сказки, пословицы, песни, загадки-анализировалось формирование личностных качеств детей, развитие их нравственности, мировоззрения и мышления. Также отмечена ответственность родителей и общества в воспитании детей, показана эффективность использования народных произведений в воспитании детей.

Особое внимание в народном воспитании уделяется воспитанию нравственной веры. Потому что манеры ребенка сегодня-его качественный признак того, что он человек завтрашнего дня. Родители должны приобщать детей к национальным ценностям, учить их истории, генеалогии, ценить язык, традиции, искусство, раскрывать тайны духовных ценностей и передавать их в наследство будущим поколениям. Народная генеалогия имеет большое значение в воспитании детей в семье. Он расширяет мировоззрение и учит признавать и уважать нацию. Вот почему основная цель современной семьи-правильно воспитать ребенка и дать ему “образование человека”.. Следовательно, ребенок, воспитанный в хорошей семье, обязательно приобретет хорошие качества и вырастет достойным человеком в жизни.

**Ключевые слова:** нравственность, сказка, пословица, загадка, семья, устное народное творчество, патриотизм, воспитание, национальная культура, духовная ценность, традиционное воспитание, фольклор, современность, духовный, родословие, благочестивый, милосердный, щедрость, великодушие.

**THE ROLE OF FOLK ORAL LITERATURE IN MODERN FAMILY EDUCATION**

**Elvira Zhanibekova - Osh State Pedagogical University**

**Annotation:** This article examines in detail the place and importance of oral folk art in modern family education. Through various types of folk works-fairy tales, proverbs, songs, riddles-the formation of children's personal qualities, the development of their morality, worldview and thinking were analyzed. The responsibility of parents and society in the upbringing of children was also noted, and the effectiveness of using folk works in the upbringing of children was shown.

Special attention in folk education is paid to the education of moral faith. Because a child's manners today are his qualitative sign that he is the man of tomorrow. Parents should introduce children to national values, teach them history, genealogy, appreciate language, traditions, art, reveal the secrets of spiritual values and pass them on to future generations. Folk genealogy is of great importance in the upbringing of children in the family. He expands the worldview and teaches to recognize and respect the nation. That's why the main goal of a modern family is to properly raise a child and give him a "human education.". Consequently, a child raised in a good family will necessarily acquire good qualities and grow up to be a decent person in life.

**Keywords:** morality, fairy tale, proverb, riddle, family, oral literature, patriotism, upbringing, national culture, spiritual value, traditional upbringing, folklore, modern, spiritual, genealogy, pious, compassionate, generous, benevolence.

Үй-бүлө – тарбиянын башаты деп бекеринен айтылбаса керек. Анткени, үй-бүлө – бул адам баласынын алгачкы жашоо мектеби, анын коомдогу ордун аныктоочу, адеп-ахлактык сапаттарын калыптандыруучу ыйык уя. Ар бир баланын инсан катары калыптанышында, анын келечектеги ийгилигинде үй-бүлөнүн ролу өтө зор. Үй-бүлөдө бала социалдык чөйрөгө аралашууну, моралдык нормаларды өздөштүрүүнү, маданий баалуулуктарды сактоону үйрөнөт. Ата-эненин жүрүм-туруму, үйдөгү тартип жана мамилелер – бул баланын келечектеги инсандык сапаттарын калыптандыруучу негизги факторлордон болуп эсептелет. Балдардын жашы өскөн сайын  моралдык жана этикалык баалуулуктарды өздөштүрүшөт. Эгерде ата-эне балага сүйүү, мээрим жана түшүнүү  менен мамиле жасаса, ал бала да башка адамдарга боорукер жана камкор болот. Эгер үй-бүлөдө эмгекке баа берилсе, бала дагы эмгекчилдиктин маанилүүлүгүн түшүнөт. Эгерде үй-бүлө адеп- ахлактык принциптеринде бекем болсо, бала улууларды сыйлоону, кичүүлөргө үлгү болууну үйрөнөт.  Ошондуктан, үй-бүлөдөгү тарбиянын сапаты балага өмүр бою таасир этет. "Үй-бүлө – бул жашоонун мектеби, ал эми ата-эне ошол мектептин негизги устаты" – деп белгилеген А.С. Макаренко [1].

Психология боюнча изилдөөчү Л.С. Выготский "Баланын өнүгүүсүндө социалдык чөйрөнүн таасири өтө чоң, анткени ал өз жашоосунун негизги көндүмдөрүн үй-бүлөдөн үйрөнөт" деп баса белгилейт [3]. Үй-бүлө – бул сүйүүнүн, жылуулуктун, ишенимдин очогу. Үй-бүлөдөгү мээримдүү жана камкор мамиле баланын өзүнө болгон ишенимин бекемдеп, психологиялык туруктуулугун камсыз кылат. Балдарды жана кыздарды тарбиялоодо дифференциялуу (жекече өзгөчөлүктөрүн эске алуу) мамиле абдан маанилүү. Ар бир баланын индивидуалдуу мүнөзү, шыгына жана кызыгуусуна жараша тарбия берүү алардын гармониялуу өнүгүүсүнө өбөлгө түзөт. Үй-бүлөдө жана коомдо тарбия берүүдө ар бир баланын өзгөчөлүктөрүн эске алып, дифференцияланган ыкмаларды колдонуу зарыл. Уул бала – келечектеги үй-бүлөнүн коргоочусу, мергенчи, куруучу, ал эми кыз бала – келечектеги эне, үй-бүлө очогунун ээси. Балдардын тарбиясы үй-бүлөдө башталып, эрте курактан тартып

жакшы тарбия берилиши керек. Кыргыз эли жаш муунду тарбиялоого чоң маани берип, балага ат коюуда да чоң символикалык маанини камтып келген. Ат коюу баланын келечегине ишенимди, бакытты жана таалайды тартуулайт деп ишенишкен. “Атына жараша заты” деген макал дагы ушул ишенимди билдирет.

Элдик оозеки чыгармалар – бул ата-бабаларыбыздан муундан-муунга өтүп келген, кылымдар бою сакталып, бизге жеткен баа жеткис мурас. Алар аркылуу элдин акылмандыгы, тажрыйбасы жана маданий баалуулуктары муундан-муунга өтүп келген.
Алар балдарды тарбиялоодо, элдик жомоктор, макал-лакаптар, табышмактар, санат-насыят ырлары жана эпостор чоң мааниге ээ болуу менен алардын дүйнө таанымын кеңейтүүдө, адеп-ахлагын, ой жүгүртүүсүн, эмгекке болгон мамилесин, улуттук каада-салттарды жана мекенчилдикти калыптандырууда маанилүү каражат болуп эсептелет. Белгилүү философ Жан-Жак Руссо "Бала тарбиялоодо эң мыкты курал – бул элдик уламыштар жана жомоктор" деп баса белгилеген [2].

Жомоктор – баланын руханий өнүгүүсүнүн булагы катары жаш баланын кыял дүйнөсүн өстүрүп, жакшылык менен жамандыктын айырмасын үйрөтөт. Кыргыз жомокторунда көпчүлүк учурларда акылмандык, адилеттүүлүк, эмгекчилдик, мээримдүүлүк башкы темалар катары баяндалат. Мисалы, “Алтын балык”, “Жети карга”, “Кедей менен хандын уулу” сыяктуу жомоктордо каармандардын тагдыры аркылуу акыйкаттык, эмгек жана боорукердик идеялары көрсөтүлөт. Жомоктор балдардын фантазиясын өстүрөт, жакшылык менен жамандыктын айырмасын түшүндүрөт, кайрымдуулукка, чынчылдыкка, эмгекчилдикке үндөйт. "Жомок – бул жаш баланын аң-сезимин өнүктүрүүнүн эң натыйжалуу жолу" – деп белгилеген В.А. Сухомлинский [4]. Ал эми макал-лакаптар – элдик акылмандыктын булагы болуп, кыска, бирок терең маанини камтыган насааттык кептер. Алар балага акылмандыкты, сабырдуулукту, улууларды урматтоону, кичүүлөрдү сыйлоон тарбиялайт турмуштук тажрыйбаны, эмгекчилдикти, ынтымакты жана адеп-ахлакты үйрөтөт. Мисалы: “Эмгек кылсаң эр өлбөйт” – эмгекчилдиктин маанисин баса белгилейт. “Билим – ийне менен кудук казгандай” – билим алуу оор, бирок баалуу экенин түшүндүрөт. “Ата – аска, апа – булак” -ата-эненин бала тарбиялоодогу ордун даңазалайт. Педагог Г.Н. Волков "Макал-ылакаптар элдик педагогиканын негизги куралдарынын бири, алар балага дүйнөнү таанып-билүүгө жардам берет" деп белгилейт [5].
Ата-эне баласын тарбиялоодо макал-ылакаптарды колдонуу менен айта турган сөзүнүн маанилик деңгээлин көтөрүп оюн терең, жеткилүктүү билдирип келишкен. Макал- ылакаптар элдик оозеки чыгармаларда (жомок, поэма, дастан, эпостордо ) кеңири колдонулуп келген макалада айтыла турган акыл, түздөн түз айтылат. Мисалы :
Эр элдин көркү, токой жердин көркү,
Эр жигит эл четинде, жоо бетинде.
Жаз жарыш, күз күрөш
Эл эмгегин жер жебейт.
Иштесең тиштейсиң.

Бул макалдарда, балдарды эмгектенүүгө, мээнет кылууга, иштемчил болууга, чакырган тарбиялык маани маңызы көрсөтүлдү. Эмгекке тарбиялоодо баланын максатка умтулуусу , эркинен бекемдиги аракетүүлүгү көрүнүп турат. Ата –эне балдарын, неберелерин эмгектенүүгө тарбияласа жакшы болмок. Эмгектенүүдө бала такшалат, жаратылышка, мекенге болгон сүйүүсү бекемделет. Эмгек жөнүндөгү макалдарга көңүлүбүздү буралы.
Эл эмгегин жер жебейт.
Иштесең тиштейсин.
Жаздын бир күнү бир жылга тете.
Эмгек адамдын үзүрү.
Бак жемиши менен, адам эмгеги менен.
«Сөздүн көркү – макалда» дегендей кыргыз эли кылымдар бою сөз күчүн балап, сөз кадырын билген эл болгон. Элдик оозеки чыгармалар аркылуу балдарды адеп-ахлактык тарбиялоого, эмгекчилдикке, кайраттулукка, улууларга урмат менен мамиле кылууга тарбиялайбыз.

Макалдар өз ичине кылымдар бою калктын акыл-эсин, тажрыйбасын, адеп-ахлагын камтыйт. Алар адептүүлүктү, жакшылыкты, чынчылдыкты, меймандостукту, кечиримдүүлүктү, эрдик, адилеттүүлүк сыяктуу адеп-ахлактык касиеттерди даңазалайт.

Кыргыз элинин оозеки чыгармалары балдардын адам, анын жашоо тиричилиги, жаратылыш, коом, эмгек, кулк- мүнөз, жөнүндөгү түшүнүктөрүн өстүрүп, тарбияны бардык элементтерин үйрөтөт. Мисалы айтып кетсек Манас эпосуна кайрылсак кыргыз элинин рухий маданиятын, кыргыздардын тарыхын, этнографиясын, басып өткөн турмуш жолун чагылдырып көрсөтөт. Манас кара күчтүүлүгүнөн, алптыгынан баатырдыгынан, жоодон элди сактап эл башы болуп турган. Манастын ушул өңдү сапаттарын балдарга үлгү кылып көрсөтүү зарыл. Улуу Манас эпосун укпаган жана сүйбөгөн кыргыз үй-бүлөсү болбосо керек. Манас эпосундагы бардык осуяттар, таалим-тарбия, жөнүндөгү идеялар өлкөбүздүн ар бир атуулунун патриоттук сезимин ойготуп элин жерин сүйүүгө, жаш мундарга туура тарбия берүүгө жол ачканын көрөбүз.

Биз элдик оозеки чыгармалар аркылуу өсүп келе жаткан кийинки муунду элдик нарк-насилге, адептүүлүккө жана жоопкерчиликке тарбиялап, кыргыз элинин маданий байлыгын сактоого зор салым кошобуз.

Элдик оозеки чыгармалар бала тарбиялоонун ажырагыс бөлүгү болуп эсептелет. Алар баланын аң-сезимин, жүрүм-турумун, дүйнө таанымын жана инсандык сапаттарын калыптандырууда маанилүү роль ойнойт. Ата-бабаларыбыздын акылмандыгы менен тажрыйбасы элдик чыгармалар аркылуу муундан муунга өтүп, бүгүнкү күндө да тарбиянын негизги куралы бойдон калууда. Ошондуктан, ата-энелер жана мугалимдер бул мурасты балдардын тарбиясында активдүү колдонушу зарыл.

Балдарды тарбиялоодо элдик чыгармалардын ордун так аныктоо үчүн төмөнкү анкета аркылуу изилдөө жүргүзүүгө болот:

**Анкета суроолору:**

1. **Элдик оозеки чыгармалар деген эмне?**
   а) Жазуучу жазган чыгармалар
   б) Эл арасында айтылып, оздон оозго өтүп келген чыгармалар
   в) Сүрөттүү китептер
2. **Макал-лакаптардын тарбиялык мааниси кандай?**
   а) Балдарды туура сүйлөөгө үйрөтөт
   б) Жакшы сапаттарга багыттайт
   в) Тамак жасоону үйрөтөт
3. **Үй-бүлөдө ата-эне балага кайсы элдик чыгармаларды көбүрөөк айтып берет?**
   а) Жомоктор
   б) Окуялар
   в) Ырлар
4. **Элдик жомоктордо кандай сапаттар даңазаланат?**
   а) Эр жүрөктүүлүк жана акылмандык
   б) Байлык жана күч
5. **"Эмгек – элдин көркү" деген макал эмнени түшүндүрөт?**
6. **Өз үй-бүлөңдө кандай элдик жомокторду угасың? Эң жакканын жазып бер.**
7. **Элдик чыгармалардан үйрөнгөн эң жакшы насаат сөздү жаз.**

**Анкетанын жыйынтыгын баалоо**

Бул анкетанын жыйынтыгы элдик оозеки чыгармалардын бала тарбиялоодогу ордун жана таасирин аныктоого жардам берет. Анкетадагы жоопторду талдоо аркылуу төмөнкүдөй негизги багыттарды баалоого болот:

1. **Элдик оозеки чыгармалар жөнүндө түшүнүк**
   Эгер көпчүлүк катышуучулар "б" вариантын тандаса, демек, алар элдик оозеки чыгармалардын маңызын жакшы түшүнүшөт. Эгер башка варианттар көп тандалса, анда бул багытта кошумча түшүндүрүү иштери керек.

2. **Макал-лакаптардын тарбиялык мааниси**
Эгер окуучулардын көбү "б" жоопту тандаса, анда алар макал-лакаптардын негизги тарбиялык ролун түшүнөт. "а" жана "в" варианттары тандаган катышуучулар болсо, бул алардын макал-лакаптарга болгон түшүнүгү үстүртөн экенин көрсөтөт жана кошумча маалымат берүү зарылдыгын билдирет.
3. **Үй-бүлөдө элдик чыгармаларды колдонуу**
"Жомоктор" (а) вариантынын көп тандалышы ата-энелердин балдарын жомок аркылуу тарбиялоого көңүл бурарын билдирет. Эгер "ырлар" же "окуялар" көбүрөөк тандалса, анда бул багытта жомокторду кеңири колдонуу үчүн иш-аракеттер талап кылынат.
4. **Элдик жомоктордо даңазаланган сапаттар**
"Эр жүрөктүүлүк жана акылмандык" (а) варианты басымдуулук кылса, анда катышуучулар жомоктордун негизги тарбиялык маңызын жакшы түшүнүшөт. Эгер "б" варианты тандалса, анда элдик чыгармалардын маңызын тереңирээк түшүндүрүү керек.
5. **Макалдын маанисин түшүндүрүү**
Бул ачык суроонун жообу аркылуу катышуучулардын ой жүгүртүүсүн, эмгекке болгон көз карашын баалоого болот. Эгер жооптор эмгектин маанилүүлүгүн, аракетчилдикти жана жоопкерчиликти камтыса, анда алар макалдын маңызын туура түшүнгөн деп бааланат.
6. **Үй-бүлөдө угулган жомоктор жана жаккан чыгармалар**
Бул суроо балдардын жана алардын ата-энелеринин элдик чыгармаларга болгон кызыгуусун өлчөө үчүн маанилүү. Эгер ар түрдүү жомоктор жазылса, анда бул үй-бүлөдө жомоктор активдүү колдонуларын көрсөтөт.
7. **Элдик чыгармалардан үйрөнгөн насаат сөздөр**
Бул жооптор элдик акылмандыктын балдарга кандай деңгээлде жеткенин көрсөтөт. Эгер жоопт ордо турмушка байланыштуу насаат сөздөр көп кездешсе, анда бул элдик оозеки чыгармалардын бала тарбиялоодогу таасири жогору экенин далилдейт.

Ошентип, анкетанын натыйжаларын талдоо менен балдардын жана алардын үй-бүлөсүнүн элдик оозеки чыгармаларга болгон кызыгуусун, аларды канчалык деңгээлде колдонуп жатышканын аныктоого болот. Эгер жыйынтыктарда элдик мурастарга жетиштүү көңүл бурулбаганы байкалса, ата-энелерге жана мугалимдерге бул тармакты күчөтүү үчүн кошумча иш-чараларды жүргүзүү сунушталат. Балдарга жомок окууну көбөйтүү, макал-лакаптарды колдонуу жана алардын маанисин түшүндүрүү, элдик чыгармаларды мектеп программасына кеңири киргизүү сыяктуу сунуштар берилиши мүмкүн.

Демек, ар бир үй-бүлөдө элдик оозеки чыгармаларга өзгөчө көңүл буруу, аларды балдарга жеткирүү – ар брибиздин ыйык милдетибиз. Белгилүү ойчул Конфуций "Тарбиянын негизи – бул каада-салттар менен уламыштар аркылуу адамгерчиликти үйрөтүү" деп айткан [6]. Элдик оозеки чыгармалар – үй-бүлөлүк тарбиянын алтын казынасы.

**Адабияттар**

1. Асипова, Н.А., Карабалаева, Г.Т., Сатыбекова, Т.С. *Этнопедагогика*. Бишкек. (2019).
2. Руссо, Ж.-Ж. *Эмиль же Тарбия жөнүндө*. Париж.(1762)
3. Выготский, Л.С. *Ойлоо жана тил*. Москва (1934).
4. Сухомлинский, В.А. *Жүрөктө тарбиялоонун ыкмалары*. Киев. (1974)
5. Волков, Г.Н. *Элдик педагогика жана анын тарбиядагы ролу*. Москва.(1985)
6. Конфуций. *Накыл сөздөр жана ой толгоолор*.
7. Кыргыз балдар фольклорунун педагогикасы Рысбаев. Сулайман.Казыбаевич (2014).
8. Тогузакова, Б. (2024). ПРЕДПОСЫЛКИ ИСПОЛЬЗОВАНИЯ ПОСЛОВИЦ В ВОСПИТАНИИ НРАВСТВЕННОСТИ УЧАЩИХСЯ НАЧАЛЬНЫХ КЛАССОВ. Вестник Ошского государственного педагогического университета имени А.Мырсабекова, 2(2), 188–192. https://doi.org/10.56122/.v2i2.253